УДК: 008

Атышев К.А., Джунушева К. С., Шаймбетова М.Ш.
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АСЫЛ ДӨӨЛӨТТӨРДҮ КОЛДОО ЖАНА ЖАЙЫЛТУУ БАРДЫК ЖАРАНДАРГА ТИЕШЕЛҮҮ

*Адеп, ыйман жана маданият–бирин-бири толуктап турган категориялар. Булардын деңгээли экономикага түздөн-түз көз каранды. Ошондуктан бул макалада экономикалык теориялар, ойлор жана сунуштар эске алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *коом, экономика, адеп, ыйман, маданият, жаштар, социалдык система, рыноктук экономика, калк, жаш.*

*Нравственность, воспитание и культура – эти категории дополняют друг друга, их потенциал зависит от экономики. Поэтому в данной статье рассматривались экономические теории, мысли и предложения о нравственности, воспитании и культуры.*

***Ключевые слова:*** *общество, экономика, нравственность, воспитание, культура, молодежь, социальная система, рыночная экономика, народ, возраст.*

*Morality, upbringing and culture - these categories complement each other, their potential depends on the economy. Therefore, in this article, economic theories, thoughts and proposals on morality, upbringing and culture*

***Key words:*** *society, economy, morality, education, culture, youth, social system, market economy, people, age.*

Коомдун өнүгүүсүнүн деңгээли ар убак анын рухий-ыймандык намысы, даражасы менен өлчөнүп келген. Эгерде адамдын акылы, билими же анын жүрүм-турум адеби, ыйманы дал келбесе, ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыра албайбыз. Ошондуктан бул маселе үй-бүлөдөн тартып мамлекеттик деңгээлге чейин ар убак көңүлдүн борборунда болушу зарыл. Демек, бүгүн жаштарга адептик, руханий-ыймандык таалим тарбия берүүгө бөтөнчө олуттуу көнүл бөлүнүшү туура, себеби коомдун өнүгүшүн адамга, акыл-адеп ыйманына жана руханий дүйнөсүнө багыттоо зарыл. Мындай багыттоону рынок экономикасында жашап жаткан өлкөлөр эмгектин коомдук бөлүнүшүн окуусун, акча, нарк, капитал теорияларын негиздеп, ар бир жарандын коомдогу ордун белгилеп ошого жараша таалим-тарбия беришкен. Көрүнүктүү окумуштуу А.Смит (1723-1790-жж.) «Калкты жашына жараша топко бөлүп, улуттук кирешеден үлүшүн белгилөө» таблицасын түзүп, анын негизинде көптөгөн муун тарбиялаган. Анда эмесе биз дагы сиздердин көъүлщъүздөрдү ушул таблицага бөлгүбүз келет:

Таблица 1[2]

| **Жашы** | **Улуттук киреше түзөбү? Коомдон канча алат?** | **Улуттук киреше түзөбү? Коомго канча киреше берет?** |
|---|---|---|
| 0-15 жашта | Коом, үй-бүлө, мамлекет берет (өтө көп берет). | Жок. |
| 16-19 жашта | Коом, үй-бүлө, мамлекет берет ( дагы көп берет). | Аздыр-көптщр коомго берет, ишке жарап, маяна алып калышат. |
| 20-34 жашта | Киреше түзөт, киреше өзүнүн керектөөсүнөн 3-4 эсе көп түшүүшү керек | Керектөөсү өсөт, көбүн өзү камсыз кылат, коомго көп берет, булар коомдун тиреги. |
| 35-49 жашта | Киреше түзөт, коомдук | Коомго көп берет, |

| | | |
|---|---|---|
| | продукцияны кайталап өндүрүүгө катышышат. | ишканаларга ээлик кылышат, керектөөсү да өсөт. |
| 50-64 жашта | Аз өлчөмдү түзөт же түзбөйт. | Жаштарга насаатчы болот, керектөөсү кескин кыскарат. |
| 65тен жогору | Байлыкты анын тукуму түзөт. | Өз байлыгынын жыргалын көрүп, эс алууда жүрөт. |

Бул таблицада коомдун экономикалык өнүгүшүндө колдонуп келген өлкөлөрдө жашынан карысына чейин жашоонун ар бир муунга тиешелүү белгилерине таянып, өзүлөрүнүн жүрүм-турумдарын калыптандырышкан.

Ушундай эле ар бир муунга тиешелүү экономикалык, социалдык жана ыймандуулуктун, жүрүм-турумдун калыптанышы кыргыз элинин турмушунда кеңири айтылып жана тарбия-таалимге колдонулуп келген. Токтосун Байкон уулунун айтканында төмөнкүдөй эскерүү бар: «Төөчү деген киши айтчу экен: Он бешиъде жарда ойногон улаксыъ, жыйырма беште шаркырап аккан булаксыъ, отуз жаш −байлоодогу тайдайсыъ, кырк жаш – кындан суурулган кылычсың, элүү жаш деген бел экен, жетимиш - жергесинен кем экен, сексен – кара жер менен тең экен, уулдун уулуна кор экен; Уулдун уулуна кор болгончо, өлүп калмак оң экен».

Улуу окумуштуу К. Карасаев «Мударис» китебинде:

«Өлүм таңы, өлүм – кечи бөлүмүндө: Он беш жаш – жарда ойногон улак;

Жыйырма беш жаш – оргуп турган булак;

Отуз беш жаш – минилбеген кур ат (адамдын тентек кези);

Кырк беш жаш – жыбылжып аккан булак (үйлүү болуп, тизгинин тартып калат);

Элүү беш жаш – аша турган бел (адам өзүнө эсеп бериши керек, өмүрдүн жиби чубалып кала бердиби же жыйнакталдыбы);

Алтымыш беш жаш – жайлоодон кайта көчкөн эл (кыш келет, кабак түшүп калат);

Жетимиш жаш – жемирилген көр (ден соолук кете баштайт, көз начарлайт);

Сексен беш жаш – ооздогу куру жел (санда жок үйдө олтуруп калат);

Токсон алты жаш – томпойгон көр, булар ата-бабалардан бери айтылып келе жаткан сөз [3].

Дүйнөгө келген ар бир адам коомдун сүйкүмдүү адамы болуп өтүшү керек».

Мынакей, биз сиздердин талкууъарга үч түрдүү схеманы койдук. Биринчиси адамды келечектеги экономикалык ордун табууга тарбияласа, калган эки схемада келечекке социалдык көз караш берилип коомдун, кёъулүн жаштарга жана келе турган карылыкка бурат. Ал эми ортодогу жаштык кез балалык бактылуу болсун үчүн коом дагы ошого даяр болушуна чакырат.

Акыркы кездерде республикада 120 миңден ашык жетим балдардын бар экендиги аныкталды. Жылына балдар үйүнөн 500-800дон ашык балдар мектепти бүтүп, анын 70-80% ар кандай жаман жолдорго түшүп кетет экен. Бул көрүнүш биздин өлкө үчүн жаман көрүнүш, ошондуктан буга кайдыгер болбой, алдын алып, бардыгыбыз биргеликте балдардын келечегине кам көрсөк, жакшы болмок. 2014-жылдан бери республикада атагы чыгып келе жаткан жаш ырчылардын тобу: «Жаагың сынса сынсын, бирок ушул жетим балдардын шагы сынбасын» - деген ураандын астында «Элим барсынбы?» аттуу кайрымдуулук фондун түзүшүп, тоголок жетимдерди Ысык-Көлгө эс алдырууга ар бир облустан 30дан бала тандап алып ишке ашырышты. Балдардын арасында зордук-зомбулукка кабылган, эң начар психологиялык абалга туш келгендер социологдордун, педагогдордун, волонтерлордун тарбиясында болушту. Ушул иш-чараны жүргүзүүдө балдардын «жөлөк пулун» алып күн көргөндөр аларга эч камкордук кылбаганы жана тарбия

бербегени аныкталды [5]. Өлкөнүн келечеги балдар болгондуктан, адепти, саясатты, ыйманды балдарды туура тарбиялоодон баштаганыбыз туура болот эле.

Азыркы кездеги кырдаалдын татаалдыгы, адеп-ыймандын акырындап жок болуп бараткандыгы батыш өлкөлөрдүн маданияты биздин мектеп окуучуларына, жогорку окуу жайларга, үй-бүлөгө тийгизген таасири өтө чоң болушуна алып келди. КРдын өнүгүшү үчүн жарандарыбыз адептүү, ыймандуу, терең билимдүү, ой-пикирлер менен көз караштарга сабырдуу болуп тарбияланууга жана өз элинин тарыхы менен маданиятын билүүгө тийиш.

Жашообузга рынок экономикасы киргени аялдар менен эркектердин ортосундагы гендердик теъсиздик андан ары уланып, «үй-бүлөнү багуу» статусу аялдарга жүктөлгөндөй болду. Социалдык системанын жоголушу, эртеден кечке аялдардын базарда олтурушу алардын саламаттыгына доо кетирип, эне-баланын өлүмүнүн өсүшүнө шарт түздү. Энесиз, кароосуз калган балдар пайда болду. Рынок аялдарга эркек сымал жүрүм-турумду, кылмыштуулукту, товардык форманы алууну, жеңил ойлуулукту алып келди. Мындай кемчиликтерден алыс болуш үчүн мыкты энелерди, кыз-келиндердин, эжелердин коомго кошкон салымын даъазалап, элге таанытып, жаштарды эмгекке кызыктырып, туура жолго салуу – баарыбыздын милдетибиз.

Кыргыз аялзаты акылдуу, сулуу, эр жүрөк үйдүн куту болуп келген, дагы эле ошондой имиджинде калганы туура. Улуу муундун акылын үйрөнбөй атактуу боло албайбыз. Ата-бабадан калган ырым-жырымдар, накыл сөздөр кийинки муундарга мурас болуп келет. Ошолорду угуп, окуп үйрөнүп биз элибиздин жүрүм-турумун өзүбүзгө калыптандырабыз. Жомоктордон уккан Акыл Карачач ким экенин анын оозунан чыккан сөздөрүнөн эле байкаса болот. Мисалы: Акыл Карачачтын Жакып хандын суроосуна берген жообун талдап көрсөк: «Жакып хандын: Тулпарды уйга сатса не болот? Атты эшекке сатса не болот? Туйгунду каргага сатса не болот?» деген суроосуна Акыл Карачач: «Тулпар тушунда, күлүк күнүндө, күч бербеген тулпардан сүтүн берген үй жакшы. Чабал аттан чарчабаган эшек жакшы. Канаты жок туйгундан канаттуу карга жакшы. Карга конгон, кузгун тойгон каздын тарпына үксүйүп үмүт кылган туйгун оңчубу, эски наркта мындай шумдуктуу жорук болчубу?»- деп жооп бериптир. Мына кандай акылдуу аялзаты бар кыргызда. Ал эми азыр «сөз эркиндигине» таянган пресса кыздарды тышкы жагымдуулугу жана сексуалдуулугу аркылуу капкандык жем катары көрсөтүп, анын кеменгердик, чыдамдуулук, боорукердик, энелик касиетин көмүскөдө калтырып жатышат.

Адеп, ыйман маселесин чечүүдө жаштарга «аял үй-бүлөнүн туткасы» экендигин, «аталык» милдет «үй-бүлөнү багуу», ал эми аялга кароо, балага камкордук көрүү, тарбиялоо функциялары тиешелүү, бирок балдарды багуу, тарбиялоо ата-энененин бирдей милдети. Ошондуктан жаштарды туура тарбиялоо, жакшы адептерге үйрөтүү, ыймандуу болуусун калыптандыруу бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелердин бири, анткени азыр коомдогу социалдык жетимдикти жаш үй-бүлөлөрдүн ажырашканынан чыгып жатканын эч ким жашыра албайт.

Жакында жашы жете электердин никелешүүсүнө тыюу салынган мыйзам чыгып күчүнө кирет, бул дагы биздин коомдун мыйзамдуу өнүгүшүнө чоң салымын кошот деген ойдобуз. 2016-жылы өткөрүлгөн «Тарых жана маданият жылындагы» иш-чаралар жогорку мамлекеттик жана эл аралык масштабда өз деңгээлинде белгиленди. Быйылкы жылдын «Ыйман, адеп жана маданият жылы» деп белгилениши эң туура кадам болду. Аны кагаз жүзүндө калтырбастан, иш жүзүндө ашыруубуз керек, анткени быйыл дагы алгылыктуу иш-чаралар ишке ашарына чон үмүт жана ишеним бар.

**Адабияттар:**

1. Джунушева К.С., Нуралиева Н., Эркимбаев М. Т. Вклады ученых-экономистов в экономическую теорию. - Бишкек, 2014.

2. Джунушева К. С. Экономика теориясы (усулдук колдонмо). -Каракол, 2008, 208-б.
3. Карасаев К. Мударис. –Бишкек, 1994, 132-б.
4. Рух Кенчи гезити, 2015-2016.
5. Жарнак гезити, 11-август, 2016.
6. Джунушева К.С., Боконтаева Ж. Гендердик негиздердин теориясы. -Каракол, 2006, 28-32-б.